Изденүүчү Омурова Айна Молдогазиевнанын «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий ишине карата илимий жетекчинин

ПИКИРИ

Кеп ишмердүүлүгү ар бир кесиптин ээлеринин адистик-интеллектуалдык деңгээлин көрсөткөн, аны өмүр бою коштоп жүргөн тилдик-коммуникативдик касиет-сапаттардын бири болуп санала тургандыгын окумуштуу-илимпоздор буга чейин эле далай ирет белгилеп, далилдеп келишкендиги анык.

Изилдөө ишинде дал ушул келечекте дене тарбия багытындагы педагогдук кесипти аркалай турган студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралган. Албетте, келечек адистердин кеп ишмердүүлүгүн изилдөөгө алып жаткан изденүүчүнүн өзүнүн кеп ишмердүүлүгү андан да жогорку деңгээлде болуусунун зарылдыгы бул – айтпаса да түшүнүктүү айныгыс чындык.

Илимий иштин биринчи главасы “Жогорку окуу жайлардагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана методикалык изилдөөлөрдүн сыпаттамасы” деп аталып, анда жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтеринде кеп ишмердүүлүгүнүн орун алуусу, дене тарбия багытындагы студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери, модели жана ага көнүктүрүүнүн техникалары изилдөөгө алынган.

“Кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин оюндары, акын-жазуучуларынын чыгармалары, “Манас” эпосу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну жана жолдору” деген аталыштагы иштин экинчи главасында кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин дидактикалык жана улуттук оюндардын жардамы менен ошондой эле Алыкул Осмоновдун дене тарбия багытындагы чыгармалары жана да “Манас” эпосу аркылуу дене тарбия багытындагы студенттердин кебин өстүрүүнүн формалары жана ыкмалары сунушталган. Ал эми үчүнчү главада болсо педагогикалык экспериментти уюштуруу жана андан алынган жыйынтыктар келтирилген.

Негизинен, илимий иш план-проспектиге ылайык иштелип, андагы алдыга коюлган максат, милдеттер аткарылгандыгын белгилөө менен бирге эле бул илимий ишти талкууга коюуга сунуштоо тууралуу пикирибизди билдирмекчибиз.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Мусаева В.И.**

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ